УДК:343.976

***Чыныбаева Н.Ж.,***
*КМЮАнын кылмыш – жаза укугу кафедрасынын ага окуутучусу*
***Чыныбаева Н. Ж.,***
*старший преподаватель кафедры уголовного права КГЮА*
***Chynybaeva N.Zh.***
*senior lecturer of the Department of criminal law of KSLA*
*mobile.:+996 (559) 101842*
*e-mail: unique-007@mail.ru*
***Сапарова А.С.,***
*КМЮАнын кылмыш - жаза укугу кафедрасынын окуутучусу*
***Сапарова А.С.,***
*преподаватель кафедры уголовного права КГЮА*
***Saparova A.S.,***
*the teacher of the criminal law department of KSLA*
*моб. тел.:+996 (700) 775299*
*e-mail: Saparova_A92@mail.ru*

# БАҢГИ КАРАЖАТТАР ЖАНА ПСИХОТРОПТУК ЗАТТАР МЕНЕН КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ БОРЬБЫ С НЕЗАКОННЫМ ОБОРОТОМ НАРКОТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ И ПСИХОТРОПНЫХ ВЕЩЕСТВ

# CURRENT PROBLEMS OF THE FIGHT AGAINST ILLEGAL TURNOVER OF DRUGS AND PSYCHOTROPIC SUBSTANCES

***Аннотация:*** *Бул макалада ар кандай ыкмалар менен баңгизат каражаттарын мыйзамсыз таратууну аныктоонун жана ага бөгөт коюунун практикалык өңүттөрү каралат. Баңгизат каражаттарын байланышсыз ыкмалар менен таратуунун өзгөчөлүктөрү ачылат (баяндалат). Баңгизат каражаттарын жана маң кылуучу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштуу ишти аныктоо жана ага бөгөт коюу кыйынчылыкты жараткандыктан, жакшы пландуу сатуу уюмдарынын бардыгына, баңгизат каражаттарын таратууда уюшкан топтогу адамдардын ортосунда ролдордун так бөлүштүрүл-гөндүгүнө көңүл бурулду.*

***Аннотация***: *В статье рассматриваются практические аспекты, касающиеся выявления и пресечения незаконного распространения наркотических средств бесконтактным способом. Обращено внимание на существование хорошо спланированной организации продаж, четкое разделение ролей между лицами, осуществляющими распространение наркотических средств в организованной группе, что затрудняет выявление и пресечение преступной деятельности в сфере незаконного оборота наркотических средств и психотропных веществ.*

***Annotation:*** *This article discusses the practical aspects of identifying and preventing the illicit distribution of drugs in various ways. The legislation regulating the procedure for conducting operational-search measures to detect illicit drug trafficking is analyzed. The features of the distribution of narcotic drugs by contactless methods are disclosed. Attention is drawn to the existence of a well-planned sales organization, a clear division of roles between persons engaged in the distribution of narcotic drugs in an organized group, which makes it difficult to identify and prevent criminal activity in the sphere of illicit trafficking in narcotic drugs and psychotropic substances.*

***Негизги сөздөр:*** *банги заттар; псизотроптук заттар; жазага тартуу боюнча кыймыл аракет; личность, экономикалык ишмердүүлүк; детерминантар;прекурсорлор.*

***Ключевые слова:*** *наркотические средства; психотрапные вещества; уголовное преследование;, личность; экономическая деятельность; детерминанты; прекурсоры.*

***Keywords:*** *narcotic drugs; psychotropic substances; criminal prosecution; personality; economic activit; determinants; precursors.*

Дүйнө жүзү боюнча адамзатты өзүнө көз каранды кылып, канчалаган өмүрлөрдү кыйып келген зыяндуу заттардын бири баңгизаттар экени талашсыз. Баңгизаттар адам өмүрүнө олуттуу коркунуч туудурганы менен аларга болгон талап дагы деле азайбай келет. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө баңгичилик өзгөчө жаштардын арасында кеңири жайылууда. Мына ушундай наркотикалык заттардын бир түрү Борбордук Азия чөлкөмүндө гана өндүрүлөт. Насыбай деп аталган бул наркотик башка наркозаттардан ит бекер арзандыгы менен айырмаланат [1].

Насыбай (насвай, нас, асмай) - курамында никотин бар зат. Майда шарикчелер түрүндөгү бул зат жагымсыз жытка жана даамга ээ. Үй шартында жасалат. Насыбайдын негизги курамын 3-сорттогу тамеки (тамеки өсүмдүгүнүн жалбырагы), жыгач отундун күлү, акиташ жана суу түзөт. Насыбай астыңкы же үстүңкү эриндин алдына салынат. Бир колдонгондо орточо 5-6 шарикче колдонулат. Эринде таасир бергенче кармалат. 7-15 мүнөттөн кийин таасир берет. Таасирлери: жеңил баш айлануу, колу-буттун титирөөсү, ойлонуунун басаңдоосу менен бирге көздүн тумандоосу [2].

Насыбай колдонуу төмөнкүдөй кесепеттерге алып келет: Тиштердин, ооз көңдөйүнүн жабыркашы, ошондой эле рак оорусунун пайда болушу, сейрек кездешчү онкологиялык оорулардын козголушу, унутчаактык, тукумсуздук, психикалык жана физикалык көз карандылык, терчилдик.

Насыбай илгертеден эле Борбордук Азия элдерине гана таандык салттуу баңгизаты болуп саналат. Өзбекстанда, Казакстанда, Тажикстанда, Кыргызстанда, Афганистанда кеңири таралган. Түркмөнстанда насыбайды мамлекеттик мекемелерде, коомдук жайларда чегүүгө тыюу салган мыйзам кабыл алган. Натыйжада бул өлкөдө насыбай чеккендерге 80 доллардын тегерегинде айып пул салынат. Орусиянын аймагында кеңири жайылган эмес, бирок соңку жылдары өспүрүмдөр арасында популярдуу болуп бара жатканын маалымат булактары кабарлап келишет. Учурда Москванын айрым базарларынын булуң бурчтарында, шаардын чекелеринде сатылууда. "Мен анда 7-класс болчумун. Адатымча насыбайдан оозума салып алып, сабакка кечигип кирдим. Балээ басып, толгондон ошол күнү класс жетекчим чогулуш өтүп жатыптыр. Талкан сугунуп алгансып эле оозумду тултуйтуп кирип барсам, агайым дароо эле байкап калды (көрсө, кыздар айтып коюшуптур). Оозуңда эмне бар, кана аччы деп кыйкырды. Корккомумдан денемди калтырак басып, оозумду кантип ачып жибергенимди өзүм да байкабай калдым. Эриндеги насыбайды көрөөрү менен ата-энемди чакыртып, мектеп мүдүрүнүн бөлмөсүнө киргизди. Мугалимдер, мектеп мүдүрү, ата-энем баш болуп катуу тилдешти. "Насыбай чычкандын богунан жасалат, экинчи колдонсоң мээң кургап калат" деген сыяктуу жемелер менен туш-туштан талашты.

Кыргызстан боюнча эң көп жана эң арзан насыбай сатылган базар бул базарлар. Анын жашылча-жемиш саткан бөлүгүнүн бир катарын насыбай саткан соодагерлер ээлешет. Насыбай саткандардын дээрлик көпчүлүгү баткендиктер. Алар муну насыбай Кыргызстан боюнча көбүнчө Баткенде өндүрүлөөрү менен түшүндүрүшөт. Насыбай бизнеси менен шугулдангандардын арасынан аял-эркек, кары-жаш дебей баарын көрүүгө болот. Алардын арасында насыбай менен 20 жылдай алектенип келе жаткандары да бар. Ошондой эле жаш үйрөнчүктөрдү, өспүрүмдөрдү да жолуктурууга болот. Кокус насыбай саткан өтмөккө кирип калсаңыз, жыты алыстан эле буркурап, мүшөктөргө, шишелерге жана баштыкчаларга салынып, аскерлердей тизилген насыбайларды көрүүгө болот. Көлөмү боюнча майда жана кесек, кайсы жерде жасалганына жараша (баткендик, анжияндык, ферганалык, ташкенттик ж.б.) бөлүнөт.

Насыбай - химиялык жактан көз каранды кылуучу оору болуп саналат. Насыбай тамеки, арак сыяктуу эле зыяндуу заттарга кирет. Бүгүнкү күндө кыргыз элинин генефондуна эки нерсе чоң зыян алып келип жатат. Биринчиси насыбай менен тамеки болсо, экинчиси арак болуп саналат. Айрыкча жаштардын ден соолугун талкалап жатат. Тамекини таштап насыбайга өтүп жаткандар катуу жаңылышып жатышат. Эфедрон деген наркозаты насыбайдын негизги курамын түзөт. Ооз көңдөйүнүн рак ооруларынын эң башкы себеби насыбай менен тамекини узак убакыт бою колдонуу болуп эсептелет. Өпкөнүн рак оорусу, жүрөк, кан тамыр оорулары, инсульт жана инфаркт насыбайдын айынан болот. Кан тамыр чирип кетет. Негизи эле наркозаты үч сфераны өзүнө багынтат. Адамдын аң-сезими, денеси жана руху. Үчөө тең катуу кыйналат. Насыбайды мурун абышка-кемпирлер чегишчү. Азыр тескерисинче жаш улан-кыздар чегип жатышат. Бул коомдун деградация болуп жатканынан кабар берет. Жаштардын, өзгөчө жаш кыздардын насыбай чегиши адеп-ахлактыктын тайкылыгын, маданияттын жокко эсе экендигин жана башкаларды билдирет.Мына ушул насыбай аттуу баңги заттары мектептердин жанында сатылууда.

Насыбай өзгөчө өспүрүмдөрдүн арасында өтө катуу тездик менен жайылып баратканына тынчсызданган коомдук уюмдар да жок эмес. Алардын бири "Интербилим" борбору. Аталган уюмдун өкүлү Асыл Айтбаеванын айтымында,

бүгүнкү күндө жалпы Кыргызстан боюнча насыбай колдонгондордун саны күн санап өсүүдө. Өзгөчө бул илдет жаштар жана өспүрүмдөр арасында тездик менен жайылып баратат. Насыбай өлкөнүн бардык аймагында ээн-эркин сатылат. Баасы да аябай арзан. Жада калса мектептердин жанында да сатылууда. Жаштарда насыбайдын зыяндуулугу жөнүндө толук маалымат жок.

Саламаттык сактоо министрлиги "КРнын жарандарын чылымдын зыянынан коргоо," [3] "Жарандардын ден соолугун сактоо" [4] сыяктуу мыйзамдарды жана нормаларды көзөмөл алдына ала албай келишет. Мына ушул себептүү насыбайды өндүрүүнү, сатууну жана колдонууну чектөө же таптакыр тыюу салуу жөнүндө расмий кат менен "Интербилим" башында турган көптөгөн коомдук уюмдар Жогорку Кеңешке кайрылышкан.

Насыбай оор ооруларга жана тукумсуздукка алып келери анык. Илимдер академиясынын медициналык көйгөйлөр боюнча институтунун кызматкерлери насыбайдын эркектердин репродуктивдик функциясына тийгизген таасирин изилдешкен.

Бул илдетти калыбына келтирип, айыктыруу мүмкүн эмес. Мамлекет ушул маселеге терең маани берип, көзөмөл кылыш керек. Мындай оюн Саламаттык сактоо министрлигинин тамекиге каршы күрөшүү бөлүмүнүн улуттук координатору Чынара Бекбасарова билдирди. Анын айтымына караганда, учурда Кыргызстандын 8 пайыздан ашык эркектери насыбай чегишет. Алардын 75%ын элетте жашаган эркектер түзөт. Ал эми жалпы насыбай керектөөчүлөрүнүн 70%ы баткендиктер болуп эсептелет. Мектептеги 13-15 жаштагы 10 окуучунун бирөө чылымдын ар кандай түрүн колдоноору аныкталган. Кыргызстан боюнча 2% (3,2% - балдар, 1% - кыздар арасында), Бишкек шаарында 2,5% окуучулар насыбай чегишет экен. [5] Мына ушундай көрсөткүчтөрдөн кийин насыбайга тыюу салуу максатка ылайык болмок. Бирок насыбайды чектеп же толук тыюу салуу керектөөчүлөрдүн тамеки сыяктуу башка чылымдарга ооп кетишин шарттайт. Ошондуктан насыбай өндүрүүнү, сатууну жана колдонууну мыйзам чегинде көзөмөлдөө керек. Биринчиден, насыбайдын курамы эмнеден турааары жана кандай шартта кантип жасалаары аныкталууга тийиш. Экинчиден, сатылышы жана колдонулушу санитардык-гигиеналык нормаларга жооп бериш керек. Муну менимче, өкмөт комплекстүү чараларды колдонгондо гана ишке ашат. Биздин министрлик тарабынан жер-жерлерде насыбай жөнүндө түшүндүрүү иштери жүрүп жатат. Тилекке каршы, коомдун ар бир мүчөсү баш болуп жапа тырмак аракет кылмайынча жана күрөшмөйүнчө жарытылуу майнап чыгышы күмөн.

Кандай болгон күндө да насыбайга өспүрүмдөрдүн тартылып жатканын көрүп, келечекке кайдыгер карабаган ар бир атуул тынчсызданбай койбойт. Бир карын майды бир кумалак чириткен сыяктуу эле насыбай Кыргызстандын генефондуна олуттуу зыян алып келип жатканы жогоруда адистер тарабынан учкай айтылды. Бул олуттуу көйгөйгө мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулбаса муз тоонун ордунан козголушу кыйынга турчудай.

Адамдын ден соолугун бузган нерселер, кымбатын эстен чыгартып мамиле кылууну бузган жана милдетин аткарууга тоскоолдук кылган терс кыймыл аракеттер жаман адаттардан болуп саналат. Зыяндуу сапаттардын башында ичкилик жана наркотикалык заттар турат. Динибиз коомдун саламаттыгын сактоо максатында ушул сыяктуу зыяндуу нерселерди арам нерсе катары тыйуу (буларды колдонууга тыюу катуу салган) кылган.

Алкогол жана наркозаттар ден-соолукту бузгандай эле коомдогу жаман нерселердин жайылышына себеп болуп, аларга өбөлгө түзөт. Мас болгон же наркотик колдонгон адам өзүн билбеген абалда күнөө иш кылгандай эле ал адамдын Аллах коркуусу жана адамдык сезими жок болушу ачыктан ачык. Адамды аң-сезимсиз даражага түшүргөн жийиркеничтүү нерселерди колдонуу акылдуу адамдын иши эмес[6].

Баңгиликтин башаты. Учурда жаштардын арасында кеңири тараган "оокаттардын" бири насвай. Лекция учурунда насвай аткан студенттерди мындай кой, сабак маалында нас "чикать" эткен окуучулардын саны көбөйдү. Иши оңоолордун ити чөп жейт деген сөз бар. Улуу сөздө уят жок, насвайдын тооктун кыгынан жасалаарын эске алып, жогорку сөздү азыркыга которо келсек, заманы "оңолоордун" балдары бок жейт болуп жүрбөсүн? Бул баңгиликтин башаты. Жеңил наркотик. Мындан жапа чегип милицияга арызданганда, ал тургай ден соолугуна зыян таап ооруканага кайрылгандар жок. Андыктан бул маселе мамлекеттин башын оорутпайт. Дегеле бар жогу билинбеген нерсе. Бирок эл аралык наркобизнестин кол баласы болуп саналат.

Насвайчылар тажрыйбасын мектеп курагынан башташат. Мектептин залдарын, класстын полдорун көк-жашылга боёп жаткан балдарын тыя албай педагогдор убара. Энелер балдарынын чөнтөктөрүнөн уйпаланган оокаттарды таап алып урушкандан тажап бүтүштү. Насвайдын жакшы нерсе эместигин педагогдор, ата-энелер билет дечи, бирок бул өнөкөттүн арты эмне менен бүтөөрүн жаш насвайчылар анчейин биле беришпейт. Токсиндерге болгон көз карандылык күчөй берет. Анын курамына айрым учурларда героиндин чаңын да кошуп колдонгон учурлар катталган. Расмий түрдө баңги заттардын катарына кирбеген соң насвайды базарлардан тамеки, семичке сыяктуу эле сатып алууга болот. Айрым амалкөй тың чыкмалар абалдан пайдаланып насвайды бизнеске, жөн эмес, баңги бизнеске айландырууга кызыкдар. Насвай бүгүнкү күндө Орто Азия мамлекеттеринде гана мода эмес. Акыркы мезгилдерде мурдагы СССРдин ар кайсы шаарларында жаштар наркотиктин белгисиз бир түрүн модага айлантышты деген маалыматтар алына баштаган. Учурда Орто Азиянын аймагынан алыс чыгып, чет өлкөлөргө ийгиликтүү экспорттолуп жатат. Бир пакет насвай болжолу 30 дозага барабар. Насвай Казакстандан, Кыргызстандан, Тажикстандан да келе баштаган. Жаштарынын наркотиктин жаңы жеңил түрү менен алектенип баштаганына Украина жана Белоруссия өлкөлөрү да кабатырланууда. Эстониялык ММКлар да жаштарга дискотекаларда насвай сунушталып жатканын кабарлашкан. Насвайдын белгилүү болгон Ташкент, Анжиян, Фергана жана башка түрлөрү бар. Ар бири өзүнчө технология менен жасалат. Мындан сырткары жасалыш ыкмаларына карата жергиликтүү сорттор да кездешет. Илгери өсүмдүктөн жасап келишкен. Бүгүн болсо негизги компонентин махорка, акиташ, айрым өсүмдүктөрдүн уругу жана төөнүн же тооктун кыгы, айрым учурларда май колдонулат. Мурда күкүм бойдон пайдаланып келишкен. Жаңы - майдаланган макарон формасын алууда кадимки "мясорубканы" колдонушат. Бул массалык колдонуу күчөп, өндүрүүнүн жарым-жартылай фабрикалык жолуна түштү дегенди билдирет. Бул көрүнүштү теске сала турган мыйзам базасы жок. Андыктан аны менен иштешүү мүмкүн эмес. Азыр насвай саткандарга чара көрмөкчүмүн деген милиционер өзү кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Эгер насвай баңги заттарынын катарына кире турган болсо абал түп тамырынан бери өзгөрмөк. Россияда насвайга статус берүү багытында мыйзам долбоору даярдалып, курамын, зыяндуулугун аныктоо үчүн лобараторияларда эксперттер иш алып барууда. Бизде "Мындан башкасы жетишпей жаткансып, кайдагысын таап чыкты" деп айтышаары турган иш. Насвайдын айрыкча жаштар арасындагы масштабы эмнегедир эч кимди тынчсыздандырбайт. Бул багытта Түркмөнстандын тажрыйбасына токтоло кетүү абзел. Медицина эмне дейт? Айрым насвайчылар тамекиден кутулуу үчүн колдоном дешет. Анүстүнө бықшыган түтүнү жок, баасы да абдан арзан. Бирок билгенге мунун зыяны абдан чоң. Жөнөкөй мисал, тооктун богун жеп алып ууланып өлгөн кой-эчки, тай-торпокторду айылдык ар бир кыргыз билет.

1. Онкологдорунун маалыматы боюнча, тил, эрин жана ооз көңдөйүнүн рак оорусуна чалдыккандардын 80% насвайчылар.

2. Насвайдын курамында жаныбарлардын кыгы, акиташ болгондуктан ар кандай инфекциялык ооруларга, ошондой эле гепатит вирусуна чалдыгуу коркунучу чоң.

3. Каалаган бир өсүмдүктүн түбүнө чылап туруп тооктун кыгын куйса өсүмдүк күйүп кетээрин ботаниктер жакшы билет, акиташ деле ошол. Врачтардын айтымында адам организми деле ошондой: ооз көңдөйү, ичеги карын жабыркайт. Акыры ашказан жарасы пайда болот.

4. Адистердин айтымында насвайдагы табак чылым чегүүдөн да зыян. Никотинге болгон көз карандылыкка алып келет

5. Наркологдордун айтымында насвайга табактан сырткары заттар да колдоннулгандыктан, никотинден башка да химикалык заттарга көз карандылык жаралат.

6. Насвайды психотроптук заттарга кошсо болот. Муну колдонгон өспүрүмдүн психикалык өнүгүүсү начарлап, кабыл алуусу, эске тутуусу начарлайт.

7. Жаш өспүрүмдөр үчүн насвай атуу тез арада адатка айланып норма болуп калат. Мындан да күчтүүсүн издей баштайт. Баңги заттарын колдонбойт деп эч ким кепилдик бере албайт.

8. Насвайчылардын айтымында тиштер да катуу жабыркайт.

Урунаарга жоо таппай турган жаш өспүрүмдөр арасында насвай тууралуу ар түрдүү мифтер айтылып жүрөт. Улуусу кичүүсүнө ушинтип үйрөтөт. "Косяк" кетиргендерин насвай жегизип жазалаган учурлар да

болгон. Бул илдетке каршы күрөшүүнүн учурдагы жалгыз жолу -анын зыянын түшүндүрүү. Мыйзам жаатындагы кемчиликтерден пайдаланган амалкөй замандаштарыбыз балдарыбыздын ден соолугуна жана келечегине балта чаап жатат. Мына ушул баңгиликтин башаты болгон зээнди кейиткен жосундар азыркы замандын чечилбес маселесине айланып баратканы ачуу чындык.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Исаев, Р.Д., Игорь, О.Н. В поисках забвения. Всемирная история наркотиков [Электронный ресурс]: научная статья // Р.Д. Исаев, О.Н. Игорь, - Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki/ /12.06.18/. - Загл. с экрана.

2. Ногойбаев, Б.Б. Основы наркобезопастности [Текст]: учеб. /Б.Б. Ногойбаев. - Б., 2015. - С.16.

3. О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от вредного воздействия табака и его потребления [Электронный ресурс]: закон Кырг.Респ. от 21 августа 2006 года № 175 (в ред. Законов КР от 28 июня 2017 года № 111) // Информационно-правовая система "ТОКТОМ мамлекет Про". - режим доступа: http:/www.toktom.kg/?comp= main&m_t = 1.- Загл. с экрана.

4. Об охране здоровья граждан [Электронный ресурс] закон Кырг. Респ. от 9 января 2005 года № 6(в ред. Законов КР от 1 декабря 2017 года N 197 (2)) // Информационно-правовая система "ТОКТОМ мамлекет Про". - Режим доступа: http:/www.toktom.kg/?comp=main&m_t= 1.- Загл. с экрана.

5. Бекбасарова, Ч.А. В борьбе с курением должны помочь видеожалобы граждан [Электронный ресурс]: научная статья /Ч.А. Бекбасарова. - Режим доступа: //https://ru.sputnik.kg/

6. Radio/20180522/1039277069/chynara-bekbasarova-kurenie-tabak-zdorove.html. - Загл. с экрана.

7. Морозов, Г.В. Печерникова, Т.П. Шостакович, Б. В. Методологические проблемы вменяемости - невменяемости [Текст]: учеб. пособие /Г.В. Морозов, Т.П. Печерникова, Б.В. Шостакович. - М., 1993. - С.5.

**Рецензент:** Эсенбекова А.Т., кандидат юридических наук, и.о. доцента КГЮА

**УДК 345.5(575.2)**

***Эсенкожоев Б.Р.,***
*КМЮАнын кылмыш - жаза укугу кафедрасынын окуутучусу*
***Эсенкожоев Б.Р.,***
*преподаватель кафедры уголовного права КГЮА*
***Esenkojoev B.R.,***
*Teacher of the Criminal Law Department of the KSLA*
*mobile.:+996 (704) 777887*
*e-mail: Bolot.Esenkojoev@mail.ru*
***Мусаев Д.К.,***
*КМЮАнын кылмыш - жаза укугу кафедрасынын окуутучусу*
***Мусаев Д.К.,***
*преподаватель кафедры уголовного права КГЮА*
***Musayev D.K.,***
*the teacher of the criminal law department of the KSLA*
*mobile.:+996 (551) 472573*
*e-mail: musaev-daniyar@mail.ru*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАНА ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЖАЗЫК МЫЙЗАМДАРЫНА ЫЛАЙЫК КООМДУК АДЕП-ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫЛМЫШТАР ҮЧҮН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИНИН СУРООЛОРУ

# ВОПРОСЫ УГОЛОВНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ ЗА ПРЕСТУПЛЕНИЯ В СФЕРЕ ОБЩЕСТВЕННОЙ НРАВСТВЕННОСТИ ПО УГОЛОВНОМУ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ЗАРУБЕЖНЫХ ГОСУДАРСТВ

# ISSUES OF CRIMINAL RESPONSIBILITY FOR CRIMES IN THE FIELD OF PUBLIC MORALITY UNDER THE CRIMINAL LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND FOREIGN STATES

***Аннотация:****Макала адамдардын адеп-ахлактык жана руханий ден соолугун чөйрөсүндө жасалган кылмыштар түзүлүшүн изилдейт. Бул чөйрөдө жасалган кылмыштын жараша кескин өсүшү, Кыргыз Республикасынын статистикалык маалыматтарды,*